КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I -чакырылышынын XII-кезектеги сессиясынын**

# ТОКТОМУ

2026-жылдын 06-апрель **№26** Барскоон айылы

## Барскоон айыл аймагындагы коммуналдык, техникалык жана башка кызмат көрсөтүүлөрү жөнүндө

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” КРнын мыйзамынын 34-беренесине жана “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” КРнын мыйзамынын 10-беренесине таянып, ошондой эле Барскоон жергиликтүү кеңешинин регламентин жетекчиликке алып, муниципалдык ишканалардын жетекчилеринин маалыматын угуп жана талкуулап, туруктуу комиссиялардын корутундусунун негизинде Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. **<u>“Суу Өмүр булагы” муниципалдык ишканасы боюнча:</u>**

1.1. “Суу-Өмүр булагы” муниципалдык ишканасынын абоненттер менен иш алып баруусу, тарифтер боюнча акча каражатын чогултуу иштери талапка ылайык жүргүзүлбөй жаткандыгы белгиленсин. Ишкананын ишмердүүлүгү 2026-жылдын 6 айынын жыйынтыгы менен каралсын.

1.2. Барскоон айыл өкмөт башчысы А.С.Калыков бир айлык мөөнөттө:

- “Суу өмүр булагы” муниципалдык ишканасына жетекчи дайындасын;
- Ишкананын ишмердүүлүгү боюнча сунуштарды кийинки сессиянын кароосуна сунуштасын;
- Ишканада эмгектенип жаткан мураптардын эмгек тартибин, өзгөчө акча каражатын чогултуудагы жоопкерчилигин көзөмөлгө алсын;
- Кварталдык комитеттер менен тарифтердин акчасын чогултуу боюнча келишимдерди түзүп, иш алып барсын;
- Ишкана кызматкерлери менен бирге сугат сууну пайдалануучулардын, анын ичинде үлүш жерлер, өздөштүрүлгөн жерлер жана чарбак жерлери боюнча маалыматтык базаны тактап чыксын.

1.3. Ичүүчү суу менен сугат сууну пайдалануу тарифтери 2026-жылга төмөнкүдөй болуп бекитилсин:

- Ичүүчү сууга тарифтер айылдар боюнча мурда бекитилген көлөмдө, өзгөртүүсүз калтырылсын.

- Үлүш жерлер үчүн сугат сууну пайдалануу тарифи бир жылга гектарына 1000 (бир миң) сом өлчөмүндө калтырылсын;
- Өздөштүрүлгөн жерлер үчүн сугат сууну пайдалануу тарифи бир жылга гектарына 2000 (эки миң) сом өлчөмүндө бекитилсин;
- Чарбактарды сугаруудагы тариф бир чарбак үчүн 200 (эки жүз) сом өлчөмүндө бекитилсин.

2. **<u>"Барскоон-Сервис" муниципалдык ишканасы боюнча:</u>**

2.1. "Барскоон-Сервис" муниципалдык ишканасындагы 5 (беш) даана айыл чарба техникаларын шаймандары менен сезонго (март-октябрь) ижарага берүүгө макулдук берилсин жана 2026-жылга ижара акысы ар бир тракторго шаймандары менен бирге 50 000 (элүү миң) сомдон бекитилсин.

2.2. Барскоон айыл өкмөт башчысы А.С.Калыков бир айлык мөөнөттө:
- "Барскоон-Сервис" ишканасындагы техникалык каражаттарды, шаймандарды инвентаризациядан өткөрүп, мындан ары пайдалануу боюнча сунуштарды иштеп чыгып, макулдашууга берсин;
- Техникалык каражаттар менен шаймандарды мыйзам чегинде ижарага берүү жана алуу, ижарачылар менен туура келишимдерди түзүү иштерин алып барсын жана көзөмөлгө алсын.
- Айыл аймагындагы катуу калдыктарды (күл жана курулуш таштандылары) төгүү жайын уюштурууну райондук мамлекеттик администрацияга кайрылуу аркылуу чечсин.

3. **<u>"Бапа-Желдең жайыты" муниципалдык ишканасы боюнча:</u>**

3.1. Барскоон айыл өкмөтүнүн башчысы А.С.Калыков ишкана жетекчилиги жана райондук ветеринардык кызмат менен биргеликте Барскоон айыл аймагында яма-беккари же крематорий салуу боюнча жер участкасын бөлүү жана объектинин болжолдуу сметасы, каржылоо булагы тууралуу сунушту кийинки сессиянын кароосуна сунуштасын.

4. Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен Барскоон айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
5. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.
6. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин муниципалдык менчик, жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ажыбеков Ч.А.**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска